| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

04.10.2022 № 6/1 Чат-Кель айылы

**“Жергиликтүү Курултайды чакыруу жөнүндө”**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесин,Кыргыз Республикасынын Конститутциясынын 4, 7, 66 жана 71- беренелерин жетекчиликке алып,Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы ПЖ №284 Жарлыгы менен бекитилген Биринчи Элдик Курултай боюнча уюштуруучу комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №2 чечими менен белгиленген нускаманын негизинде

З.КАЙНАЗАРОВА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
ТОКТОМ КЫЛАТ

1.2022-жылдын 5-ноябрында ишемби күнү Сокулук районунун Чат-Кел айылынын маданият үйүндө Биринчи Жергиликтүү Курултай чакырылсын.

2.З.Кайназарова айыл аймагынын калкынын санына жараша (5749 киши) Жергиликтүү Курултайга 50 (элүү) делегат шайланат.

3.З.Кайназарова айыл аймагында калктын санына жараша төмөнкүдөй болуп бөлүнсүн:

а)Чат-Кель айылы -24 делегат
б)Белек айылы-16 делегат
в)Түз айылы -10 делегат шайлансын.

4.Жергиликтүү Курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары-Жумушчу топ) курамы ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.

5.Жумушчу топ:
-Биринчи Элдик Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №2 чечими менен бекитилген “Биринчи Элдик Курултайды даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календарлык планынын” негизинде белгиленген мөөнөттө иш аткарсын.

6.З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтү жана айыл башчылар Жергиликтүү Курултайды өткөрүүгө жана даярдоого көмөк көрсөтүшсүн.

7.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага Раимкулов И.М